Бекитем
А. Тилекеев атындагы жалпы
билим берүү орто мектебинин
директору Кенжегулова О.А.

# Усулдук бирикме жөнүндө жобо

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Усулдук бирикме бир нече билим берүү тармагына КР жалпы орто билим берүү боюнча сунуштамасынын негизинде, билми берүү тармактарына караштуу предметтерден сабак берүүчү, төрттөн кем эмес мугалимдин катышуусунда түзүлөт.
1.2. Иштин негизги багыттарын, формаларын жана усулдарын, усулдук бирикмелеринин мүчөлөрү, билим берүүчү уюмдун максаттарына жана милдеттерине ылайык аныктап, билим берүүчү уюмдун усулдук кеңеши бекитет.
1.3. Билим берүүчү уюмдарда тарбиячылардын, класс жетекчилердин жана башка ушу сыяктуу усулдук бирикмелери түзүшү мүмкүн.
1.4. Усулдук бирикмелердин саны мүчөлөрүнүн саны, билим берүүчү уюму аткармакчы болгон милдеттери чечүү зарылдыгына жараша аныкталат да, пелагогикалык кенештин чечими менен белгиленет жана билим берүүчү уюмунун директорунун буйругу менен бекитилет.
1.5. Усулдук биркменин курамына кирген мугалимдер, окуучуларга тийиштүү билим берүү тармагындагы предметтер боюнча даярдайт.
1.6. Усулдук биркмелер билим берүүчү уюмунну директорунну окуу-тарбия иштери боюнча орун басарынын (ИУИ боюнча орун басарынын) көрсөтүүсү менен директордун буйругуна ылайык түзүлөт, кайра уюштурулат жана жоюлат.
1.7. Усулдук бирикмелер директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарына түздөн-түз баш ийишет.
1.8. Усулдук бирикмелер ишмердигинде КР Конституциясын, билим берүү тармагына тиешелүү мыйзамдарын жана ченемдик укуктук актыларына жетекчиликке алышат.

## 2. Мектептин усулдук бирикмесинин максаттары

2.1. Мугалимдердин кесиптик камылгасын жана кесиптик чеберчилигин арттыруу, ошондой эле жаш мугалимдердин кесиптик өсүшүнө колдоо көрсөтүү.
2.2. Предметтер боюнча билим берүү тармактары окутуу сапатына, максаттырна жана натыйжаларына карата бирдиктүү талаптарды камсыздоо.
2.3. Бирдиктүү билим берүү, тарбиялоо инсанды жетилтүү жана калыптандыруу чөйрөсүн камсыздоо, чыгармачыл иштөөгө шарт түзүү.
2.4. Мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүн натыйжалуулугун баалоо.

## 3. Мектептеги усулдук бирикменин милдеттери

3.1. Билим маселелри боюнча ченем жана усулдук документтерди иликтөө, мектеп деңгээлиндеги ченемдик документтерди (нускамаларды, жоболорду, келишимдерди) иштеп чыгуу.
3.2. Мектеп компонентин тандоого жана түзүүгө катышуу.
3.3. Сабак берүүнүн турдүүлүгүн жана ар кыл деңгээлдүүлүгүн эске алып, предмет боюнча автордук окуу китептердин мазмунун иргөө жана түзүп чыгуу.